УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.52

**Мокеева А.**
**Эл аралык медицина университети**
**Жаңыбаева М.**
**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**
**Жантаев А.**
**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

## МУРЗА ГАПАРОВДУН «КЫШТАКЧА» ПОВЕСТИНИН КЕЙИПКЕРЛЕРИНИН БААЛУУЛУКТУК БАГЫТ АЛУУЛАРЫ

**Аннотация:** Макалада авторлор Мурза Гапаровдун “Кыштакча” повестиндеги каармандардын баалуулуктук багыт алууларын адабий өңүттөн талдап чыгышкан. Бул повесть 1973-жылы жазылган, анда башкы кейипкер Акундун – жаш мугалимдин адеп-ахлактык тандоо кырдаалындагы эмоциялары, ички толгонуулары, жосундары көркөм баяндалган. Ал чоң турмушта өз ордун таап, инсан катары өнүгүүгө аракет кылганда, чөйрө ага кандай таасир эткенин автор кылдат ачып берген. Акундун көркөм элесин түзүп, ал жасаган адеп-ахлактык тандоону көрсөтүп, автор бул кейипкерге өзүнүн баалуулуктук багыт алуусун сиңирип жатканы талашсыз. Акунду иренжиткен нерсе – башкалардын жашоого болгон керектөөчүлүк, пайда көздөөчүлүк мамилеси. Ал мындан баш тартып, өзүнүн баалуулуктук багыт алуусун аныктап, өз баалуулуктары бар инсан катары калыптануу сапарына түшөт.

**Түйүндүү сөздөр:** автордук турум, адеп-ахлактык тандоо, чөйрөнүн таасири, баалуулуктук багыт алуулар, кейипкердин баалуулуктары.

**Мокеева А.**
**Международный медицинский университет**
**Жаныбаева М.**
**Кыргызский национальный университет имени Ж.Баласагына**
**Жантаев А.**
**Нарынский государственный университет имени С.Нааматова**

## ЦЕННОСТНЫЕ ОРИЕНТАЦИИ ПЕРСОНАЖЕЙ ПОВЕСТИ МУРЗЫ ГАПАРОВА «ДЕРЕВЕНЬКА»

**Аннотация:** В статье авторы анализируют ценностные ориентации персонажей повести Мурзы Гапарова «Деревенька» с литературоведческой точки зрения. Этот повесть был написан в 1973 году, в котором художественно повествуются эмоции, внутренние переживания, поступки в ситуации нравственного выбора главного героя Акуна — молодого учителя. Автор тщательно раскрывает, как на него влияла среда, когда он пытался найти свое место в большой жизни и развиваться как личность. Безусловно, создавая художественный образ Акуна и показывая совершаемый им нравственный выбор, автор прививает этому персонажу собственную ценностную ориентацию. Что вызывает у Акуна отвращение, так это потребительское, утилитарное отношение окружающих к жизни. Он отказывается от этого, определяет свою ценностную ориентацию и начинает путь становления как личности со своими собственными ценностями.

**Ключевые слова:** авторская позиция, нравственный выбор, влияние среды, ценностные ориентации, персонаж, ценности персонажа.

**Mokeeva A.**
**International Medical University**
**Zhanybaeva M.**
**Kyrgyz National University named after J. Balasagyn**
**Zhantaev A.**
**Naryn State University named after S. Naamatov**

# VALUE ORIENTATIONS OF CHARACTERS IN MURZA GAPAROV'S STORY «VILLAGE»

**Abstract:** In the article, the authors analyze the value orientations of the characters in Murza Gaparov's story "The Village" from a literary point of view. This story was written in 1973, in which emotions, inner experiences, actions are artistically narrated in the situation of the moral choice of the protagonist Akun, a young teacher. The author carefully reveals how the environment influenced him when he tried to find his place in big life and develop as a person. Undoubtedly, by creating the artistic image of Akun and showing the moral choice he makes, the author instills in this character his own value orientation. What disgusts Akun is the consumerist, utilitarian attitude of others towards life. He refuses this, determines his value orientation and begins the path of becoming a person with his own values.

**Keywords:** author's position, moral choice, environmental influence, value orientations, character, character's values.

Мурза Гапаров өзүнүн чыгармачылык сапарын XX кылымдын 50-жылдарында баштап, 1956-жылы «Сырдуу окуя», 1958-жылы «Бөтөн таканын изи» деген алгачкы аңгемелерин, 1963-жылы «Мейман» аттуу балдарга арналган повестин жарыялаган. Ушул көркөм туундуларынан соң автор бир канча мыкты аңгемелерин, киноповесттерин, повесттерин жана пьесаларын жазган. Алар автордун төмөнкү китептеринде топтоштурулган: «Бир шиңгил жүзүм» (1966); «Кара-Көлдүн каздары» (1973); «Биздин жакта Арстанбапта» (1977); «Дарыялардын шоокуму» (1979); «Кызыл беде» (1980); «Күнөстүү арал» (1983); «Бир шиңгил жүзүм» «1984); «Жаңгак токойдун жомогу» (1987); «Жаңгак токойдун жомогу» (1989) [5, с. 205]; «Экөө ээн бакта» (2009).

Мурза Гапаров өзүнүн романтизмдин жана реализмдин эриш-аркак ширелүүсүнөн турган, өтө мазмундуу жана терең психологиялуу чыгармалары менен берилген окурмандарын таба алган да, кыргыздын көрүнүктүү жазуучусу катары таанылган. Кесипкөй адабиятчылар өз убагында эле анын чыгармачылыгына карата жылуу пикирлерин айтышкан жана жогору бааларын беришкен. Күнү бүгүн дагы М. Гапаровдун көркөм туундулары жакшы пикирлерге арзып келатышат.

Арийне, бир макаланын алкагында калемгердин бардык адабий мурасына толук талдоо жасоо өтө оорчулук жаратат. Дал ошондуктан биз өз эмгегибизде «Кыштакча» повестин талдоо менен гана чектелип, ушул чыгарманын кейипкерлеринин иш-аракеттери жана баалуулуктары аркылуу көрсөтүлгөн автордук турумга, автордун баалуулуктук багыт алуусуна көңүл бурабыз.

**Материалдары жана усулдары**

Бул макалада М. Гапаровдун «Кыштакча» повести аксиологиялык аспектте талданат. Повестти, андагы кейипкерлерди, алардын баалуулуктук багыт алууларын иликтөөдө негизинен анализ, синтез жана тыянактарды жасоо, корутундуга келүү усулдары колдонулат, М. Гапаров «Кыштакча» повестинде өзү түзгөн кейипкерлердин баалуулуктук багыт алууларын кандайча чагылдырып бергени жогоруда саналган усулдарды пайдалануу менен көрсөтүлөт.

**Адабияттарга сереп**

Белгилүү кыргыз калемгери Мурза Гапаровдун «Кыштакча» повести, жогоруда белгиленгендей, 1973-жылы жазылган жана окурмандар журтуна тааныштырылган. Албетте, повесть жарыялангандан кийин адабиятчылар бул чыгарма тууралуу өз пикирлерин билдиришкен. Алсак, 1976-жылы К. Асаналиев «Литературное обозрение» журналынын №11 санына «С аильнего пятачка» [3] макаласын, 1979-жылдын 24-ноябрында П. Ульянов «Литературная газетага» «Разрушение стереотипов» [12] макаласын, 1986-жылдын 23-мартында К. Жусупов «Ленинчил жаш» газетасында «Ал бизди сулуулукка чакырат» [5] макаласын, 2008-жылы К. Эдилова «Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы» журналына «М. Гапаровдун повесттериндеги көркөм ачылыштар» [14] макаласын, 2016-жылы ушул эле автор «Alatoo academic studies» журналына «Мурза Гапаровдун чыгармачылыгынын көркөм эволюциясы» [15] макаласын, 2018-жылы К. Акматов «Педагогические основы международных коммуникаций» XXV Бүткүл россиялык электрондук семинар-конференциянын жыйнагына «Изучение образа учителя из повести Мурзы Капарова «Деревенька»» [1] макаласын, 2019-жылы ушул эле автор «Синергия» журналынын №1-2 бириктирилген санына «Отражение образа учителя и проблем образования в кыргызской литературе (по автобиографическим материалам в произведениях Джуная Мавлянова “Ясное небо” (“Ачык асман”), Мурзы Гапарова “Деревенька” (“Кыштакча”)» [2] макаласын жарыялашкан. Ар башка мезгилдерде жазылган бул илимий макалаларда «Кыштакча» повести негиздүү талдоого алынып, ага карата доордун мүнөзүнө жараша түрдүү көз караштар билдирилет. Мындан тышкары, адабиятчы-сынчы С. Карымшаков «Көркөм образдын табияты» [7] макалалар жыйнагында, академик А. Эркебаев «Элдик эпостон адабий эпоско…» [16] илимий эмгегинде, илимдин доктору И. Лайлиева «Интернациональный характер и психологизм современной киргизской прозы» [9] эмгегинде, адабиятчы А. Кадырманбетова «Кыргыз адабиятынын тарыхы» көп томдугунун 7-томундагы [6] биз кеп кылып жаткан авторго арналган монографиялык портретте, профессор А. Садыков «Кыргыз залкарлары» көп томдуу эмгегинин 10-томунда [11] ушул повесть туурасында жылуу пикирлерин айтышкан. Көрүнүп тургандай, повестти адабияттаануучулук өңүттө изилдөө жумушу эбак эле башталган. Бирок чыгарманын кейипкерлеринин баалуулуктук багыт алууларын өзүнчө изилдөө объектиси катары кароо алигиче колго алына элек. Ошол себептен, аталган повесттин кейипкерлеринин ички дүйнөлөрү, алардын баалуулуктук багыт алуулары, алар турмушта тутунган баалуулуктар изилдөө үчүн кызыктуу материал болуп бере алышат.

**Натыйжалары**

Жогоруда адабияттар боюнча жасалган кыскача экскурстан көрүнүп тургандай, Мурза Гапаровдун «Кыштакча» повести туурасында адабиятчы-окумуштуулар бир катар жылуу пикирлерин билдиришкен. Аларды жалпылаштыра келип, автор тарабынан повестте кейипкерлердин турмуштук турумдарына жана алардын адептик, инсандык жекече тандоолоруна кыйла объективдүү маани берилгенин белгилөөгө болот. Мында повесттин кейипкерлеринин баалуулуктук багыт алууларына жекече автордук баалуулуктук турумдун түздөн-түз таасири тийгенин айта кетүү зарыл.

**Талкуулоо**

Кыргыздын залкар адабиятчысы К. Асаналиев аталган чыгарма жөнүндө мындай дейт: «Мурза Гапаровдун «Кыштакча» повести - кайталангыс сүрөткерлик көрүмдүн эле эмес, так, кыска зауунун да үлгүсү. Анда адаттан тыш эч нерсе деле болбойт: университеттин бүтүрүүчүсү жолдомо менен Памирдеги элет айылына анчалык каалабай барат да, күтүүсүздөн өзүнүн ордун ошол жерден табат. Бирок жаш кейипкердин жеке көйгөйлөрүн Гапаровдун калеми коомдук мааниге ээ кылат» [3]. Таанымал адабиятчы катары ал М. Гапаровдун чыгармачылык өзгөчөлүгүн туура баалоого жетишкен. Айта кете турган маанилүү жагдай, аталган чыгармада автобиографиялык мүнөздөгү белги барлыгы болуп саналат. Бул жагдайды А. Садыков тактап берет: «М. Гапаров 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүрүп, Тажикстандын кыргыздар жашаган Мургап районуна барып, бир жылча мугалим болуп иштеген мезгилинде өзүндө калган элестердин негизинде 1973-жылы «Кыщтакча» аттуу повесть жазган» [11, 272-б.]. Ал эми адабиятчы П. Ульяновдун бул чыгармага карата пикири төмөнкүдөй: «…Анын үстүнө М. Гапаров башка повесттеринде дагы («Кыштакча» жана «Көчө») сыпаттоочулукту, схематизмди, кырдаалдардын шаблондуулугун, мүнөздөрдүн жасалмалыгын ийгиликтүү жеңет» [12]. Албетте, Мурза Гапаровдун чыгармачылыгында чоң орун дайыма моралдык-этикалык жана адептик-баалуулуктук изденүүлөргө берилип келген. Адабиятчы П. Ульянов бул өзгөчөлүктү туура белгилеген. Кеңеш Жусупов болсо автордун чыгармачылык өзгөчөлүгүн мындайча ачып берет: «М. Гапаров чыгармадагы ар бир сөзгө, анын ыргагына, табият коздугуна, окуяга, ого эле майда-чүйдөсүнө чейин көңүл бурат. Ал аны жиктерин билгизбей, бардык жагынан бапестеп, асыл буюм жасаган уста сыңары кылдат токуп жазат» [5]. Адабиятчы К. Эдилованын сөзү боюнча, аталган повесть психологиялык көркөмдүккө ээ [14, 123-б.]. Ал өз оюн мындайча улайт: «Бул повесттеги негизги ой, өзөк идея – адамдын бактысыздыгы» [15, 30-б.]. Бул бир беткей тыянак Акунга каратабы, же жалпы эле повесттин кейипкерлерине каратабы, түшүнүү оор. Ошол эле учурда мындай кескин бүтүм менен макулдашуу кыйын, биз бул жерде талаш отун тутантпай эле коёлук. Ал эми К. Акматов болсо төмөнкүдөй пикир айтат: «…мугалим Акун келечексиз, караңгы жана алыскы кыштактардын турмушунда бир нерсени өзгөртүүгө жана жаңылык киргизүүгө умтулган орус «кыштак прозасынын» каармандарына үндөшүп кетет» [1, с. 174-175]. Бул ойдон Акун дегеле бактысыз эмес экени, ал жашоодо өз изин

калтырууга умтулары, кыйынчылыктан коркпой турганы көрүнүп турат. К. Акматов өзүнүн оюн төмөнкүчө улантат: «Көрксүз кыштак, цивилизациядан оолак тоолуу айыл жана жаш мугалим. Алардын өз ара аракеттешүүсү кургак, кызыксыз жана көрүмсүз болуп көрүнөт, бирок дал ошондо турмуштун шоокуму жатат да, мугалимдик көз карашка ээ педагог гана андан кызыктуу жана таасирдүү бир нерсени көрө алат. Калемгер муну жакшы түшүнөт» [2, с. 38].

Көрүнүктүү сынчы катары таанылган С. Карымшаков повесттеги Акундун актап койгондо паровозго окшоп калган үйүн минтип мүнөздөйт: «Ал паровоздун образы – көрксүз боз тамдарды алдыга, ылдыйтадан бийик жерге сүйрөп бараткан жаркын келечектин образы» [7, 38-б.]. Академик А. Эркебаевдин ою ушул пикирди улантат: «“Кыштакчада” мындай бир символикалык образ паровоз бар, Акундун актап койгон үйү өзүнүн актыгы менен жанындагы тамдардан айырмаланып, бир нече боппоз, көрксүз вагондорду сүйрөп бараткан паровозго окшойт» [16]. Бул шилтемелердеги башкы ой түшүнүктүү – жаш мугалим Акун тоо арасындагы цивилизациядан, маданияттан оолак алыскы айылга алдыга сүйрөөчү паровоз өңдүү зор таасир калтырды. Адабиятчы И. Лайлиева болсо, «М. Гапаровдун «Кыштакча» аовести жаш каармандын калыптануусу көйгөйүнө, адептик-этикалык маселелерге арналган», [9, с. 58] - деген көз карашын билдирет. Албетте, Акун алыскы кыштакка өз каалоосу менен келбесе да, ал ушул жерден инсан катары калыптана баштады, мугалимдик бактысын тапты жана ачты, турмуштун трагикомедиялуу сабактарын алды. Демек, аны бактысыз деп атоого болбойт, ал турмушта жолдуу болду. Дагы бир мыкты адабиятчы А. Кадырманбетова повесттеги подтекстти абдан туура түшүнөт да, төмөнкүчө баа берет: «…Акун шаардан алыскы районго барууга аргасыздан мажбур болсо да, мергенчинин кызына байланыштуу чыккан чырда оңтойсуз абалда калса да, … анын мүнөзүнөн кайраттуулук, принциптүүлүк, максатка умтулуучулук сезилип турат» [6, 543-б.]. Чынында Акун алыскы кыштакта иштеген учурунда өз мүнөзүн курчутту, турмушка бышты, анын инсандык өнүгүүсү болуп өттү. Профессор А. Садыков бул көркөм туундуну баалуулуктук аспектте талдоого алат: «Повестте конфликт мына ушундай курч коюлуп, ал аркылуу Акундун моралдык-этикалык сапаты таразага түшөт. Кудай жалгап ал бул сыноодон ийгиликтүү өткөндөн кийин башка бир жагдайда мугалимдин эң негизги педагогдук касиети, жан дүйнөсүнүн тазалыгы ачылат. Акунга кышкы каникул убагында окуучуларды тоодо мал багып жаткан эне-атасына жеткирүү милдети тагылат» [11, 276-б.]. Акун өзүнө жүктөлгөн милдетти татыктуу аткарат, машина жетпеген жерге балдарды жөө-жалаң аман-эсен жеткирет. Ал жактагы калктын түйшүктүү турмушу менен ичинен таанышып, өз жан дүйнөсүндөгү адептик жактан бекемделүүнү ишке ашырат. Адабиятчы А. Кадырманбетова калемгердин чыгармачылыгын жалпысынан минтип жогору баалайт: «...Мурза Гапаров көркөм сөз зергери катары чыгармаларын идеялык-эстетикалык жактан ийине жеткирип

иштөө үчүн көп эмгек эткен, кыргыз адабиятында бараандуу орду бар жазуучуларыбыздын бири» [2, 545-б.]. Буга автор өзүнүн автордук турумун жана баалуулуктук багыт алуусун табигый түрдө өз көркөм туундуларынын мазмунуна кейипкерлеринин кеп-сөзү, жүрүм-туруму аркылуу сиңиргенин кошумчалай алабыз.

Адабият теориясында бүгүн көркөмдүк баалуулук, автордун баалуулуктук дүйнөсү, кейипкердин баалуулуктук багыт алуусу түшүнүктөрү кеңири колдонулат. Эгерде берилген түшүнүктөрдүн мазмунун ачыктоого көңүл токтотсок, анда төмөнкү теориялык аныктамаларды табууга болот:

«КӨРКӨМ БААЛУУЛУК – көркөм өнөрдүн арналышын мүнөздөгөн жана кийинки он жылдыктарда гуманитардык илимдер менен философиянын аксиологияга (грек. axios – баалуулук жана logos – сөз, түшүнүк) жигердүү жана максатка умтулган кайрылуусунан улам жогору кызыгуу туудурган түшүнүк» [10, с. 1183]. Бул көркөм баалуулукка берилген илимий аныктамалардын бири. Окумуштуулардын ою боюнча, көркөм өнөрдүн маңызы аны таанымдык, адеп-ахлактык, философиялык жана диний баалуулуктар менен айкалыштырууда жана жуурулуштурууда жатат. Көркөм өнөр чыгармасынын автору ушул татаал милдетти орундатат. Ар бир авторго өзүнүн баалуулуктук дүйнөсү же өзүнүн баалуулуктар тутуму таандык болот. «Көркөм чыгарманын автору чыгармада (баарынан мурда, анын эмоциялык маанайында: героикалуу, трагедиялуу, юмористтик) турмушка ашырылган жана окурмандарга жеткирилген дөөлөттүк багыт алуулардын ээси катары чыгат», [10, с. 1183] деген пикир бар. Автордун баалуулуктук багыт алуусу ал түзгөн көркөм чыгармада сөзсүз чагылтылат. «Дөөлөттүк багыт алуу – жосундарды, эмоцияларды, реакцияларды ичкериден башкарган, адамдын жалпы дүйнөгө, коомго, башка адамдарга, өзүнө мамилесинин бинин аныктоого жөндөмдүү келген адам аң-сезиминин доминантасы», [10, с. 1183-1184] – деп айтылат. Ошентип, адамдын баалуулуктук багыт алуусу анын аң-сезиминдеги, түшүнүгүндөгү, көз карашындагы, турумундагы башкы нерсе болуп саналат. Ал адамдын дүйнөгө, коомго, өзүнө жана башка адамдарга болгон мамилесин аныктап турат.

М. Гапаровдун «Кыштакча» повестинде анын көркөмдүк туруму же баалуулуктук багыт алуусу абдан ачык чагылтылган, б.а. анын бүткүл дүйнөгө, адамзат коомуна, башка адамдарга мамилеси берилген. Автор муну өз кейипкерлеринин сөздөрү, иш-аракеттери жана мүнөздөрү аркылуу көрсөтөт. Чыгарманын сюжетин өнүктүрүүгө төмөнкү кейипкерлер катышат: Акун, комендант, коменданттын кызы Айша, депутат Маман, шоопур Шарип, завуч Мамыт, математик Сактан, анын аялы башталгыч класстын мугалими Ракыя, директор Ташмат, Толубай мерген, дүкөнчү Турат, мергендин кызы Карачач, Мамандын жээни Паиз, колхоз башкармасы Жакып, завферма Берди, мектеп окуучулары – Ташпай, Садык, Сара, Адалат, Эрмек, Унсун, Койчуман ж.б. Бул кейипкерлерди негизинен үч артыкча типке – авантюралуу-героикалуу, турмуштук-идиллиялуу жана терс артыкча типтерге бөлүүгө болот.

Көрүнүктүү адабият теоретиги В. Е. Хализевдин пикири боюнча, баалуулуктук багыт алуу «адамдардын аң-сезими менен жүрүм-турумунун туруктуу өзөгү» болуп саналат, ушунун негизинде адабияттык артыкча типтердин типологиясы, анын ичинде авантюралуу-героикалуу, турмуштук-идиллиялуу, терс артыкча типтер түзүлөт. Авантюралуу-героикалуу артыкча типтер тоскоолдорду жигердүү жеңишет да, көздөгөнүнө жетүүгө талыкпай умтулушат, алар «…даңкка умтулушат, сүйүктүү болууну самашат… турмуштук абалдарды өзгөртүүгө, күрөшүүгө, жетишүүгө, жеңүүгө жигердүү катышууга шыктуу келишет» [13, с. 199]. Турмуштук-идиллиялуу артыкча типтер мурдагынын карама-каршысы болушат. Мындай кейипкерлер токтоо, чыдамкай келишет, жакшылык каалашат, аларда моралдык-этикалык баалуулуктар күчтүү болот, алар дүйнөгө ачык, сүйүүгө жана жакшылыкка чукул болушат, «…сыноолор маалында жасалмалуулуктан жана үмтүт үзүү туңгуюугунан качып, туруктуулукту көрсөтүүгө жөндөмдүү… терең күмөнсүнүүлөр менен чечилгис көйгөйлөрдүн эмес, аксиомалардын жана төгүндөлгүс акыйкаттыктардын дүйнөсүндө болууну улантышат… Мында аң-сезим менен жүрүм-турумдун бекем орнотмолору: адептик негиздерге берилгендик деп аталган нерсе бар» [13, с. 202]. Терс артыкча типтер бийик баалуулуктук орнотмолору жоктугу менен айырмаланышат, ошондуктан алар оң кейипкер боло алышпайт. Алар «шексиз, терс сапаттардын турмушка ашуулары же болбосо тепселген, басмырланган, ишке ашпаган адамгерчиликтин толтосу» [13, с. 204] болуп саналат. Ушул классификацияга таянып, биз Акунду жана Айшаны авантюралуу-героикалуу артыкча типтерге кошо алабыз. Маманды, Мамытты, Ракыяны турмуштук-идиллиялуу артыкча типтерге киргизебиз. Ал эми Ташмат, Берди терс артыкча типтерден болуп саналат.

Башкы кейипкер Акун Маткалыков борбордон мугалимдин окуусун бүтүп, турмуштан өз ордун табуунун аракетинде жүрөт. Адегенде ал борбор шаардан жумуш таап эптеп калып калууну көздөйт. Бирок ойлогон ою ишке ашпайт, анын үстүнө жатаканадан да куулуп калат. Анан мейманканадан тажикстандык депутат менен таанышып, анын үгүтү боюнча Мургапка иштегени жөнөйт. Ал өмүр жолундагы тоскоолдуктарды жеңүүгө умтулат. Акунду Мургапка келүүгө ынандырган депутат Маман Сулаймановдун төмөнкү сөзү болот: «Биздин райондун мектептеринде мугалимдер жетишпейт. Ошондуктан, өрдөк жок жерде, чулдук бий дегендей, көрүнгөн эле киши мугалимдик кылып жүрүшөт. А сага окшогон билимдүү мугалимдер, минтип барышпайт, барышса да бир жыл иштеп кайтып кача беришет. А жерибиз жакшы, элибиз жакшы. Бир гана айыбыбыз – шаардан алыс турабыз. Бирок окууну бүтүргөн мугалимдердин баары эле шаарда кала берсе, кыштактын балдарын ким окутат?» [4, 16-17-б.].

Акунду Мургап жергеси салкын тосуп алат. Шоопур аны кыштакка түшүрүп коюп, кайра тартат. Мына ошондогу көрүнүш: «Мен кайда басарымды билбей, ордумда кыйлага чейин туруп калдым. Эки жагымды карасам, кыбыр эткен киши көрүнбөйт. Ак тамдардын

ортосундагы кең аянтта кандайдыр токулуу топоз үргүлөп турат. Ал үй менен бул үйдүн бурчун суулап, бир картаң кара дөбөт соксоңдоп чуркап жүрөт. Айылдын ичи жымжырт. Кыйладан кийин гана мектеп деген имараттын ичинен балканын токулдаган үнү чыкты. Мен чемоданымды ордуна калтырып, мектеп жакка бастым» [4, 18-19-б.].

Акун жергиликтүүлөр менен таанышып, тез эле камыр-жумур болуп кетет. Толубай мерген менен аң уулаганы чыгып турат. Бул жактагы турмушта анын авантюралуу-героикалуу тип экени улам ачыктала берет. Алсак, мерген менен достошуп алуусу ж.б. Окуучулары менен да тил табышып, алардын жактыруусуна ээ болот. Анын проблемалары тажрыйба алмашуу үчүн деректирдин сабактарына катышып, өз пикирин айткандан кийин башталат. Деректир география, тарых жана орус тили сабактарын окутат экен. Ал өткөн сабактар Маман мектептеги окуу процесси, сабак өткөн мугалимдер жөнүндө «…өрдөк жокто, чулдук бий…» деп бекер айтпаганын ачыктайт. Акун менен деректирдин ортосунда өтүлгөн сабактар тууралуу жагымсыз пикир алмашуу жүрөт. Муну төмөнкүчө көрсөтөт: «Директордун көздөрү ачуусунан чакчайып, үнү буулуп калды. Мен дагы өзүмдү токтото албай аттым. Ошондуктан, урушуп кетпейли деп сабакты шылтоо кылып, тышка чыгып кеттим» [4, 46-б.].

Ушул күнү кечинде Акундун башына түйшүктүү маселе түшөт. Деректир Ташмат Толубай мергендин кызынын боюнча Акун бүтүргөн деп элге жарыялап, Акунду эптеп мектептен кетирип жиберүүнүн айласын издеп калыптыр. Бул анын өткөн сабактарына карата Акундун терс пикири үчүн өч алуусу экени даана көрүнүп турат. Аны экөөнүн ортосунда болгон диалог ачыгыраак көрсөтөт:

«– Акун, - деп калды бир жактан директор. – Сен билимдүү мугалимсиң, а мен билимсизмин. Сен балдарга көбүрөөк билим бересиң, а мен азыраак. Бирок экөөбүз тең советтик педагог деп аталабыз. Ушундайбы? Ушундай. Эми айтчы, советтик педагог ушу сен кылган ишти кылыш керекпи же жокпу?

«Демагог» дедим ичимде.

– Бул ишти мен кылганым жок, - деп жооп бердим.

– А эгер кылган болсоң, эмне кылыш керек?

– Жазалаш керек.

– Ким?

– Деректир.

– Анда, өзүңө маалим, мен деректирмин. Мен сени жазалаймын. Жазаң ушул бүгүнчө Памирде түнөйсүң, а эртең эрте туруп, чемоданыңды аласың да, келген жагыңа жол тартасың» [4, 47-48-б.].

Кыйчалыштуу окуя жакшы аяктайт. Маман келип калып, эки күндөн кийин Акундун үстүнөн жолдоштук сот өткөрүүнү сунуштайт. Жолдоштук сот жуп башталарда Карачач айыптуу Паиз экенин айтат. Карачач менен Паизди үйлөндүрүп коюшат. Акун ыңгайсыз кырдаалдан

чыгат, бул иштин жүрүшүндө анын инсан катары бекемделүүсү, мүнөзүнүн курчуусу болуп өтөт.

Ал аңгыча экинчи чейрек аяктап, мектеп окуучулары каникулга тарашат. Аларды Шарип менен Акун жүк машинанын кузовуна салып, ар кайсыл өтөктө жайгашкан кыштоолорго, ата-энелерине жеткиришет. Чынында тоодогу жаратылыш татаал, ага ылайык малчылардын турмушу оор. Бирок алар ошол жашоо мүнөзүнө көнүп калышкан. Акун Мамандан эмнеге алар эгин-тегин эге турган жакшыраак жерге көчүп кетишпегенин сурайт. Ал бул суроого абдан таң калат.

Акун окуучу балдарды үйлөрүнө жеткирип коюп, жол жабык болгондуктан, ата-энеси жашаган жылгага жете албай калган окуучусу Койчуман экөө кыштакка кайтып келет. Үйүнө күтүүсүз мейман келиптир. Ошол көрүнүш: «Үйүмдө мени бир кызык иш күтүп туруптур: эшикти ачайын десем, эшик ачык; ичкери кирсем, чырак күйүп турат; печкеге от жагылган; анын үстүндө чай кайнап атат; а үйүмдүн ичи таптаза, менин бар болгон буюм-кечелерим иреттелген, өз ордун тапкан; анан эң кызыгы, менин жаман чемоданымдын жанында бир жакшы чемодан жатат» [4, 73-б.]. Көрсө, Айша келиптир. Ага Акун жолдоштук сот болгон кечте кызуулук менен «Айдыңым, мен сени абдан сагындым. Ушул катты алар замат, мага карай жөнөгүн. Үйлөнөбүз» [4, 52-б.] деген мазмунда кат жөнөтүп жиберген эле. Бул эпизод Акундун мүнөзү авантюралуу-героикалуу артыкча типте экендигин дагы ачыгыраак көрсөтөт.

Эми Айша тууралуу сөзгө өтөлү. Айша Акун студент кезинде жашаган жатакананын комендантынын жалгыз эрке кызы. Акун он сегиз жашында студент болуп, ушул жатаканага келгенде, Айша он үчтөгү секелек кыз экен. Кыз Акундун көз алдында бой тартып, сулуу кыз болуп чоңоёт. Алардын ортосунда жылуу сезимдер пайда болот. Кызды атасы жанындай жакшы көрөт, ошондуктан анын бардык кылыктарына көз жумат. Айша болсо он төрт жашынан тартып эле балдар менен өбүшүп келатат. Бой жеткенде да түркүн жигиттер менен сүйлөшөт. Бирок ишти өбүшүүдөн ашырууга эч жол бербейт. Бул анын мүнөзү да авантюралуу-героикалуу типке кирерин күбөлөндүрөт. Айша эркектер тууралуу начар пикирде, бирок Акунга абдан жакшы мамиле кылат. Аны кыздын төмөнкү сөзү айгинелейт: «…Азыр эч бир эркек менен сый-сыпат, кадыр-баркың менен достошо албайсың. Биринчи күнү сени менен, «сиз», «биз» деп сүйлөшөт. Экинчи күнү өбүшөт. Үчүнчү күнү кроватка сүйрөйт кишини. Бардыгы бузулган. Бардыгы. Бир гана сен бузула элексиң. Сенин уят-сыйытың бар. Мен сага ишенем. Мен сени беш жылдан бери билем, сен мага бир жолу да ашыкча сөз сүйлөп, колуңду белимден ылдый түшүрө элексиң…» [4, 9-б.].

Чындыгында Айша Акунду сүйөт. Кыздын жан дүйнөсүндө сүйүү баалуулугуна карата өзгөчө мамиле орун алган. Ал Акун өңдүү ичинде жаман ою жок жигиттерди жактырат. Ал ошондуктан катты алары менен борбор шаарды таштап, Мургапка, сүйгөнүнө учуп жетип отурат. Бул эпизод да Айша авантюралуу-героикалуу артыкча типке кире турганын далилдейт.

Алардын ортосунда, бир убакта жатакананын ээн бөлмөсүндө болгон диалог да ушул фактыны далилдейт:

«– Акун, мага үйлөнчү. Мен сага жакшы жар болуп берем.

– Жок. Мен айтпадым беле, кырк жашымда үйлөнөм деп. Ошол кезде, чын эле ошентип ойлочумун. Жиндилик экен, көрсө.

– Анда мен сени кыркка чыкканга чейин, турмушка чыкпай күтүп турайын, макулсуңбу?» [4, 11-б.]. Ошентип, Карачач менен болгон кыйчалыштуу окуя бактылуу финалга, Акундун сүйгөнү Айша менен табышуусуна алып келет.

Маман жөнүндө айтсак, ал эмгекчил жигит. Ак эмгегинен баар таап, Тажикстандын депутаты болуп отурат. Ал өз кыштагына, анда жашагандарга, өзгөчө балдарга жакшылык каалайт. Ошол себептен Акунду өз кыштагына келип иштөөгө үгүттөйт. Маман кыштагындагы мектепте билимдүү мугалимдер жетишпестигин айтып, өкүнүчүн төмөнкүчө билдирет: «Мен го коюмду кайтарып жүрө берем, балдарга убал. Балдар өспөй атат…» [4, 17-б.]. Анын мүнөзү турмуштук-идиллиялуу типке жатат.

Зоология, ботаникадан сабак берген Мамыт өз кесибине баш-оту менен берилген, мектептин бардык түйшүгүн көтөрүүгө далбас урган ак пейил адам. Ал өз демилгеси менен мектепте табият таануу музейин уюштурган. Повестте музей минтип сыпатталат: «Ал ар кандай областтык музейлерден кем калышпайт. Анда Памирдин бүт жан-жаныбарларынын кейиптери, топурак-таштары, өсүмдүктөрүнүн түркүн-түркүн үлгүлөрү бар. Мындайча айтканда, бул кичинекей Памир, Памир-музей» [4, 50-б.]. Акун келгенде мектептен биринчи жолуктурган киши ушул. Бул да турмуштук-идиллиялуу типке кирет.

Мектеп деректири Ташмат болсо терс типтин өкүлү. Анын туура сүйлөгөн Акунга карата жасаган опсуз кыянатын жогоруда көрдүк. Ошол окуяга байланыштуу жолдоштук соттон кийин Маман мектеп деректирине жеме айтат. Ташмат болсо айыпты мергенге оодарат. Бул анын уятсыз жандими экенин көрсөтөт. Мына ошол диалог:

«– Акун, деди эми депутат мага кайрылып. – Бача, кечирип кой, биз сени бекер эле айыптаптырбыз. Ташмат ака, сиздин сакалыңызды бирден жулса болот го, бирок улуу кишисиз да.

– Э-э, мына бу да, - деди деректир айыпты мергенге жүктөп.

– Ыманыңды жебе! – деди ага мерген. – Мен башта Акунга эч кандай күмөн санаган эмесмин. Бар болгону, сага келип, ушундай иштер болуп калыптыр дедим. Десем, сен дароо: «Бул Акундун колунан келет! Акунду карма!» - дедиң» [4, 56-б.].

Повестте Берди аттуу кейипкер бар. Ал дагы терс типке кирет. Анын мүнөзүн төмөнкү сөзү ачып көрсөтөт:

«– Иш мындай, - деди Берди. – Биздин районго беш «Урал» мотоцикли келиптир. Мен ошолордун бирөөн сатып алайын деп атам. Бирок угуп атпайсызбы, мага окшогондорго

сатышпай атат. Шондуктан, бир амал ойлоп таап атам. Биздин колхоздо бир Осмон деген койчу бар. Ошонун аялы ушул айда онунчу баласын төрөйт, мындайча айтканда, баатыр энелердин катарына кошулат. Мен ошол аялдын наамына алганы жатам» [4, 64-б.]. Анын кеби өзүмчүлдүгүн аныктайт. Акун каникулга алып барган балдардан Койчуман үйүнө жете албайт. Акун Бердиден «атыңызды берип туруңуз, баланы ата-энесине жеткирип келейин» десе, ал атын бербей коёт. Себеби, ал жанагы Осмон койчунун үйүнө бармак экен.

Эгерде кыскача жыйынтыктасак, Акун менен Айша авантюралуу-героикалуу артыкча типтерге киришет. Маман менен Мамыт турмуштук-идиллиялуу артыкча типтин өкүлдөрү болушат. Ал эми Ташмат менен Берди терс артыкча типтеги кейипкерлерден.

Бир сөз менен, «Кыштакча» повестинде карама-каршы баалуулуктарды тутунган кейипкерлер бар. Алардын баалуулуктук багыт алуулары бири бири менен терең карама-каршылыкта турушат да, адамзат коомундагы турмуш чындыгынын бүткүл татаалдыгын ачык-айкын чагылтышат. Мурза Гапаров чебер сүрөткер катары, Акун менен Айша өңдүү авантюралуу-героикалуу артыкча типтерди, Маман менен Мамыт сыяктуу турмуштук-идиллиялуу артыкча типтерди түзүп, турмуш чындыгына карата өзүнүн автордук баалуулуктук багыт алуусун жана автордук турумун ачык-айкын билдирет.

**Корутунду**

Адабияттарга жүргүзүлгөн серептин жана колдо бар материалдарды талкуулоонун негизинде макаланын аягында төмөнкүдөй тыянактарды жасоого болот:

1. Мурза Гапаровдун «Кыштакча» повести өз учурунда эле адабиятчылар тарабынан жогору бааланган;

2. Ушул повесть тууралуу айтылган пикирлерде негизинен чыгарманын адептик-этикалык, адептик-баалуулуктук мазмунуна көңүл бурулган;

3. Чыгармасында автор өз жолундагы тоскоолдуктарды жеңүүгө умтулган Акун менен Айша өңдүү авантюралуу-героикалуу артыкча типтерди түзгөн.

4. Повестте адамдарга жакшылык каалашкан Маман менен Мамыт сыяктуу турмуштук-идиллиялуу артыкча типтер да түзүлгөн.

5. Ошондой эле повестте Ташмат менен Берди сымал кекчил, өзүмчүл артыкча терс типтер да бар.

6. Жазуучу Акун, Айша өңдүү авантюралуу-героикалуу артыкча типтерди, Маман, Мамыт сыяктуу турмуштук-идиллиялуу артыкча типтерди түзүү аркылуу окурмандарына өзүнүн коомго жана андагы адам турмушуна карата баалуулуктук багыт алуусун, көркөмдүк турумун жеткирет.

**Ыраазычылыктар**

Биз окумуштуу-адабиятчылар К. Акматовго, К. Асаналиевге, К. Жусуповго, А. Кадырманбетовага, С. Карымшаковго, А. Садыковго, П. Ульяновго, К. Эдиловага, А.

Эркебаевге Мурза Гапаровдун чыгармачылыгына, анын ичинде «Кыштакча» повестине карата баалуу пикирлери жана көз караштары үчүн терең ыраазычылык билдиребиз.

**Адабияттар**

1. Акматов К. Изучение образа учителя из повести Мурзы Капарова «Деревенька» / К. Акматов // Сборник XXV Всероссийской электронной семинар-конференция «Педагогические основы международных коммуникаций», 3-14 декабря 2018 года. С. 30-39.

2. Акматов К. Отражение образа учителя и проблем образования в кыргызской литературе (по автобиографическим материалам в произведениях Джуная Мавлянова “Ясное небо” (“Ачык асман”), Мурзы Гапарова “Деревенька” (“Кыштакча”) / К. Акматов // Синергия, №1-2, 2019. С. 168-179

3. Асаналиев К. С аильнего пятачка / К. Асаналиев // Литературное обозрение, №11, 1976.

4. Гапаров М. Экөө ээн бакта: Повесттер, аңгемелер жана драмалар / М. Гапаров. – Б.: Турар, 2009. – 552 б.

5. Жусупов К. Ал бизди сулуулукка чакырат / К. Жусупов // Ленинчил жаш, 1986-жылдын 23-марты.

6. Кадырманбетова А. Мурза Гапаров / А. Кадырманбетова // Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. XX кылымдын адабияты (60-жылдардан кийин). 7-том. – Б.: Т. Суванбердиев атындагы Кыргызполиграфкомбинат, 2002. – 519-546-б.

7. Карымшаков С. Көркөм образдын табияты: Адабий сын макалалар / С. Карымшаков. – Ф.: Кыргызстан, 1977. – 108 б.

8. Кыргыз Республикасынын жазуучулары: Маалымдама. 1-том. – Б.: Дэми, 2008. – 736 б.

9. Лайлиева И. Интернациональный характер и психологизм современной киргизской прозы / И. Лайлиева. – Ф.: Илим, 1983. – 144 с.

10. Литературная энциклопедия терминов и понятий / Под ред. А. Н. Николюкина. – М.: НПК «Интелвак», 2001. – 1600 с.

11. Садыков А. Кыргыз залкарлары. 10-том / А. Садыков. - Б.: Бийиктик, 2013. – 432 б.

12. Ульянов П. Разрушение стереотипа / П. Ульянов // Литературная газета, 1979, 24 ноября.

13. Хализев В. Е. Теория литературы: учебник / В. Е. Хализев. – М.: Высшая школа, 2009. – 405 с.

14. Эдилова К. М. Гапаровдун повесттериндеги көркөм ачылыштар / К. Эдилова // Вестник Бищкекского гуманитарного университета. №4 (13). 2008. С. 123-126.

15. Эдилова К. Мурза Гапаровдун чыгармачылыгынын көркөм эволюциясы / К.

Эдилова // Alatoo academic studies. №4. 2016. – С. 29-35.

16. Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско…: Адабий изилдөөлөр жана сын макалалар / А. Эркебаев. – Ф.: Адабият, 1990. – 248 б.